**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Нарбаш*

*Грамматикалык материал:Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр (кайталоо)*

*Класс:*

*Болотканова Чынара Жаныбековна*

*2019-2020-окуу жылы*

**Сабактын кептик темасы: Нарбаш**

Сабактын грамматикалык темасы:**Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү кайталоо**

Сабактын максаттары:

**Тилдик:**Тексти окуп түшүнүшөт.

Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү кайталашат,өз алдынча тексттен табышат.

**Кептик**:Өз ара сүйлөшүшөт,ойлорун айтышат.

**Социо-маданий** : Жаныбарларга аяр мамиле кылууга,достукка,боорукерликке тарбияланышат.

Сабак аралык байланыш:Тарых,адабият

Сабактын тиби:Жаны теманы үйрөнүү сабагы

Окутуунун ыкмасы:Адабий ийримдер.

Сабактын формасы:Жеке,топто иштөө.

Колдонулган ресурстар:Көрүү тасмасы,сүрөттөр,жаңы сөздөр,баалоо баракчасы,адабий ийримдин аталыштары жазылган барактар ж.б.

Сабактын жүрүшү: Саламдашуу

Сабакка болгон маанайларын сурамжылоо

Бири-биринин көңүлүн көтөрүү.

Баалоо баракчаларын таратуу.

Үйгө берилген тапшырманы текшерүү:

Үйгө кандай тапшырма берилди эле?

О:Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү кайталоо

М: Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө кайсы сөздөр кирет эле?

О:Каратма сөз

Киринди сөз

Сырдык сөз

М:Ушул сөздөр менен сүйлөм түзгүлөчү.

Азаматсыңар,анда эмесе ушул билимиңерди текст мене иштеп жаткан убакта грамматикалык формаларды табууда колдоносуңар ээ,балдар?

***Жаңы сабак: Нарбаш***

Эпиграф:**Ат айланып казыгын табат.**

Сабактын максатын айтуу:Текст менен иштөөнү биз адабий ийримдер ыкмасы менен окуп үйрөнбүз,каратма,кириндИ,сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү табабыз,суроо түзөбүз,биргелешип иштөөгө үйрөнөбүз.

Балдар,экранга көңүлүңөрду бургула.

“ Үркүн”тасмасынан үзүндү.( 3 мин)

Бул окуя эмне жөнүндө экен?

Кыргызстандын тарыхы сабагынан өткөн болушуңар керек ээ?

Кыргызстандын аймагында өткөн кылымдын 16 –жылдары кандай окуя болуптур?

Дагы  сүрөттөрдөн эмнени байкап жатасыңар?

Бүгүнкү окуй турган текстибиз эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?

Жаңы сөздөрдун маанилерин түшүндүрүү:

Нар-бир өркөчтүү эркек төө

Ак аралап- чачын ак аралап,териси ак аралап

Күлүк-скакун

Сээр- Кытайдын 20-кылымдын башындагы күмүш тыйыны

Аброй- репутация

Текстте кездешкен сөздөр менен сүйлдөм түздүрүү:М:Албетте,мен Какшаалга барган эмесмин.Сыягы ,бул күмүш тыйын го?

***Доскага,дептерлерине жаздыруу.***

***Тексти окутуу(тынымдарга бөлүп)***

***Дагы бир сыйра карап чыгууларын эскертүү.***

***Эми балдар,силер адабий ийримдерде иштейсиңер.(5 мин даярдык)***

***А)Байланыштыруучулар***

( реалдуу турмуштагы фактылар менен кесилишкен деталдарды табат,байкалган түшүнүктөр менен байланышта текстти интерпретациялайт.)

***Б) Из кубар***

( малыматтын тилин талдоого алат(анализдейт) текстеги окуянын өнүгүшүн көрсөткөн5-7 этиш сөз табат,окуянын өнүгүү логикасын даярдайт)

Бул сабакта ушу жерге мен өзгөртүү киргизип алдым этиштин оордуна тексттен каратма,киринди,сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү табышты.

***В) Суроо берүүчүлөр.***

( текстти тереңирээк түшүнүүгө багытталган ,окурманды тексттин үстүнөн андан нары ой жүгүртүүгө жетелөөчү суроолорду берет.)

***Г) Докладчылар***

( Текст менен болгон жумуштарды жыйынтыктайт жана алар жөнүндө 2-3 ачкыч цитаталарды  камтуу менен кыскача мааалымат даярдайт.Текст эмне жөнүндө ?Анын актуалдуулугу эмнеде?Автор окурманды кантип ойго салат?Окурманга эмне таасир этет? Окурман эмне жөнүндө ойлонот?)

Адабий ийримде эмгектенип жатышкан окуучулар 5-6 минуттун ичинде ушу

маселелердин айланасында ой жүгүртүп,ватманга өзүлөрүнүн ойлорун жазып белгилеп алып,презентациялашат.

Демек ,балдар Нарбаш кандай жаныбар экен?

*“ Ат айланып казыгын табат ”*деген макалдын маанисин түшүндүңөрбү?

Эми балдар,бүгүнкү сабакта эмнелерге үйрөндүк,эмнелерге машыктык ата-энеңерге ,же жакын адамдарыңарга телефон чалып кайрылгыла.

***Үйгө тапшырма:*** “ Ат-адамдын канаты”деген темага чакан 10 чакты сүйлөмдөн турган эссе жазып келгиле.

***Окуучуларды баалоо***: Баалоо баракчаларын чогултуп ,окуучуларды баалоо.

***Баалоо баракчасынын үлгүсү:***

| № | Аты-жөнү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Дайыма | Кээде | Эч качан |
| 1 | Башкаларга жардам бердим | + | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Чечим кабыл алууга катыштым | | + | |
| 3 | Маалымат чогулттум | | | |
| 4 | Ишти жыйынтыктаганга катыштым | | | |
| 5 | Презентацияладым | | | |
| | | | | |